**Коомдук Кеңеши**

**Жакынкы Мусулмандара кирүүгө салынган тыюу жөнүндө эмнени билишиңиз керек.**

***Акыркы жаңыланган числосу: 31-январь, 2020 жыл, саат 14:30.***

Кымбаттуу жааматтын мүчөлөрү жана достор,

Бүгүн, Мусулмандарга кирүүгө салынгна тыюуга үчүнчү жыл толгонуна бир нече күн болгондо, Трамптын Өкмөтү көптөгөн мусулмандарга жана башка өңдөгү иммиграннтарга тийиштүү кирүү чектөөлөрүн узартты. Узарттылган тыюуу Судан, Нигерия, Танзания, Мьянма, Эритрея жана Кыргызстан өлкөлөрүнө салынды. Ливия, Иран, Сомалия, Йемен, Сирия, Түндүк Корея жана Венесуэладан чыккан жарандарга карата, бул жерде айтылгандай, тыюуу мурда эле салынган.

Бул кеңешмеде, биз Мусулмандардын кирүүсүнө салынган тыюуунун абалы боюнча маалымат кимдерге тийиштүү  жана ошондой эле баш тартуу деп аталган жараян туралуу маалымат беребиз. Бул маалымат түрдүү юридикалык маселелердин негизинде өзгөрүп кетишин эске алышыңызды суранабыз. Эгер өзгөрүүлөр болсо, ал жөнүндө биз сизге маалымдайбыз.

***Мөөнөтү***

Мусулмандарга салынган тыюуу 3.0 мурунтан эле Ливия, Иран, Сомалия, Йемен, Сирия, Түндүк Корея, жана Венесуэла жарандары үчүн толук күчүнө кирген. Узартылган тыюуу Судан, Нигерия, Танзания, Мьянма, Эритрея, жана Кыргызстан өлкөлөрүнүн жарандары үчүн 2020 жылдын 21-февралында күчүнө кирет.

***Узартылган тыюуу кимдерге салынды?***

Судан, Нигерия, Танзания, Мьянма, Эритрея, жана Кыргызстандын белгилүү бир жарандырына.

Узартылган тыюуу төмөнкү жарандарга гана салынат 1) тыюуу күчүнө кирген күнү АКШ дан сыртта болсо, 2) эгер ошол күнү жарамдуу виза албаган болсо, жана 3) баш тартуу (төмөндө талкуулангандай) албаган болсо.

Узартылган тыюуу төмөнкүлөргө салынбайт:

- АКШ мыйзамдуу туруктуу тургундарына (грин кард ээлерине);
- 2020 жылдын 21-февраль күнү же андан кийин АКШ га кирүүгө же мөөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө уруксат алган адамдарга;
- Эгер визадан башка АКШ да жүрүүгө уруксат берүүчү документи бар болгон жарандарга, эгер ошол документ Мусулмандарга тыюуу салынган күнү же андан кийинки числодо берилген болсо;
- Кош жарандыгы бар жана аталгандарга кирбеген өлкөлөрдүн паспорту менен жүргөн;
- АКШ тарабынан баш паанек берилген жарандарга;
- АКШ га кирүүгө мурда уруксат алган качкындарга; же
- Кыйноого каршы Конвенцияга ылайык сүргүндү жоюуу, мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотулууга же жактоого укук берилген жарандарга.

***Тыюуу салынган өлкөлөр боюнча маалыматтар.***

Судан

- Судан өлкөсүнүн жарандарына бардык иммиграциялык визаларды берүү токтотулат.

Танзания

- Танзания өлкөсүнүн жарандарына бардык иммиграциялык визаларды берүү токтотулат.

Нигерия

- Нигерия үчүн бардык иммиграциялык визаларды берүү токтотулат.
- Америка Кошмо Штаттарынын Өкмөтүнө жардам берген үчүн виза алуу үчүн укук алган атайын иммиграннтарга тыюуу салынбайт.

Мьянма

- Мьянма үчүн бардык иммиграциялык визаларды берүү токтотулат.
- Америка Кошмо Штаттарынын Өкмөтүнө жардам берген үчүн виза алуу үчүн укук адган атайын иммиграннтарга тыюуу салынбайт.

Эритрея

- Эритрея үчүн бардык иммиграциялык визаларды берүү токтотулат.
- Эритрея үчүн B1/B2 конок визаларын берүү мурун эле атайын жарлыктын негизинде токтотулган.
- Америка Кошмо Штаттарынын Өкмөтүнө жардам берген үчүн виза алуу үчүн укук адган атайын иммигранттарга Тыюуу салынбайт.

Кыргызстан

- Кыргызстан үчүн бардык иммиграциялык визаларды берүү токтотулат.
- Америка Кошмо Штаттарынын Өкмөтүнө жардам берген үчүн виза алуу үчүн укук адган атайын иммигранттарга тыюуу салынбайт.

***Мусулмандарга кирүүгө салынган тыюууну кыскартыш үчүн баш тартуу.***

"Баш тартуу" бул Мусулмандарга кирүүгө салынган тыюуу мыйзамы боюнча укугу жок болсо да, АКШ визасын алуу үчүн уруксат. Мусулмандарга салынган тыюууда 3.0 айтылгандай, тыюуу салынган жарандар тыюууну кыскартуу арызынан баш тартууну суранышса болот, эгер төмөнкүлөрдү далилдей алышса;

1. Кирүүдөн баш тартуу, виза алуучуга орунсуз кыйынчылыктарды келтиргендигин;
2. АКШ га кирүү АКШ улуттук жана коомдук коопсуздугуна эч кандай коркунуч туудурбашын; жана
3. Кирүү АКШнын улуттук кызыкчылыгына туура келсе.

Мыйзамда айтылган, элчиликтин же бааЖы кызматынын кызмат адамы  жана чек арачысы ар бир конкреттүү учурда, баш тартуу бергени ыйгарым укугу бар. Мыйзам ошондой эле, качан баш тартуу бериле турган мисалдарды эсептейт (мисалы, медициналык тез жардамга муктаж болуу, АКШ гы жакын үй-бүлө мүчүлөрү менен биригүү, ишкердик байланыштары ж.б)
Тилекке каршы, баш тартуу жараяны ачык эмес жана туура эмес өткөрүлөт. Өкмөт баш тартуу жараяны боюнча кыска нускама берген. Учурда биздин уюмдар, Өкмөттү баш тартуу жараянын толук иштеп чыгышына чакырып жатат.

Биз билген бир канча нерселер бар:

- Баш тартууга кайрылуу расмий жараяны жок. Онлайн толтуруу формасы жок. Элчиликке баш тартуу себептерин камтыган ар кандай сиз тапшырган документтер кабыл алынышы же алынбашы мүмкүн.

- Көптөгөн элчиликтер жарандарды төмөнкүлөр жөнүндө:

a. Элчилик баш тартууну белгилүү бир учурларда жактырбайт, виза берүү “212 беренесине ылайык жактырылбады” деген чечим чыгарат:
   - Бул учурда, чечим боюнча аппеляция берилбейт. Көптөгөн жарандар баш тартуу арыздарын беришет, бирок алардын кабыл алыгандыгы белгисиз.

b. Элчилик баш тартуу учурларын жактырат:
   - Бул учурда, элчилик интервью учурунда, жогорудагы критерийлер жөнүндө сурашы же сурабашы мүмкүн; элчилик сиз эмне үчүн жогорудагы критерийлерге туура келгендигиңиз жөнүндө жазган катыңызды интервью учурунда же сиз эл. почта/почта аркылуу жөнөтсөңүз, аны кабыл алышы же албашы мүмкүн; элчилик сиздин ишиңизди Вашингтондун кароосуна жолдошу же жолдобошу мүмкүн.
   - Эгер элчиликте боло турган интервью белгиленсе, анда баш тартуу жараяны боюнча юридикалык кеңеш издеңиз.

Баш тартуу боюнча маалымат абдан тез өзгөрүшү мүмкүн, ошондуктан юридикалык кеңеш издеңиз (алдамчылардан сак болуңуз) жана кайра тынымсыз текшерип туруңуз.

***Кантип юридикалык кеңеш алыш керек?***

Биздин уюмдардын экөө тең акысыз маалымат жана юридикалык кызмат көрсөтөт. Биздин уюмдар менен байланышсаңыз болот, эгер:

- Сиз же Мусулмандарга кирүүгө салынган тыюууга учураган адамды билсеңиз жана акысыз юридикалык кеңешке же жардам керек болсо;
- Сиздин жааматыңыз “Өз укугуңду бил” тууралуу презетация суранып калса.

**"CAIR SF Bay" жергеси:**

408.986.9874 же онлайн: bit.ly/cairsfbaimmigration.

**"Advanced Justice" – Азиялык Юридкалык Жыйын:**

415.848.7733 же онлайн: bit.ly/TravelIntake